001
Ц19
УНБ

# КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН УСТАВЫ

---

# УСТАВ АКАДЕМИИ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР

# КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН УСТАВЫ

Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Токтому менен 1969-ж. 29-майда жактырылган, № *303.*

Өзгөрүүлөр жана кошумчалар Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы жыйналышында кабыл алынган.

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын илимдер Академиясы республиканын эң көрүнүктүү окумуштууларын — СССРдин граждандарын— өзүнүн мүчөсү катарында бириктирип турган Кыргыз ССРинин илимий жогорку мекемеси болуп саналат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясы түздөн-түз Кыргыз ССР Министрлер Советине баш иет. Кыргыз ССР илим-

дер Академиясынын ишине илимий жетекчиликти СССР илимдер Академиясынын Президиуму алып барат.

2. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын көздөгөн максаты: табигый, техникалык жана коомдук илимдердин орчундуу багыттары боюнча изилдөөлөрдү өнүктүрүү; илимий-техникалык жана социалдык прогресстин эң маанилүү проблемалары боюнча келечектүү изилдөөлөрдү жүргүзүү;

Кыргыз ССРинин өндүргүч күчтөрүн бөтөнчө ийгиликтүү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү илимий маселелерди чечүү; илимий-техникалык, социалдык прогресстин жаңы мүмкүнчүлүктөрүн табуу жана аларды эл чарбасында пайдалануу үчүн жолдомолорду даярдоо;

Кыргыз ССР илимдер Академиясы өзүнүн илимий изилдөөлөрүн жана өзүнүн бүткүл ишин СССРде коммунисттик курулуштун милдеттерине ылайык жүргүзөт жана бүткүл дүйнөдө тынчтыкты бекемдөө ишине жардам берет.



3. Кыргыз ССР илимдер Академиясы табигый жана коомдук илимдердин эң маанилүү проблемалары боюнча Академиянын илимий мекемелери, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын жогорку окуу жайлары жүргүзүп жаткан изилдөөлөргө жалпы жонунан илимий жетекчилик кылат; СССР илимдер Академиясы белгилеген илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттарына ылайык табигый жана коомдук илимдер тармагындагы илим-изилдөө иштеринин тематикасын тактайт жана ошолорду Кыргыз ССРинде координациялоону иш жүзүнө ашырат.

4. Кыргыз ССР илимдер Академиясы өз милдеттерин аткаруу үчүн:

а) өз мекемелеринде табигый, техникалык жана коомдук илимдер тармагындагы илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттарына жана Кыргыз ССР эл чарбасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик планына ылайык орчундуу илимий проблемаларды иштеп чыгат;

б) СССРдин коммунисттик курулушунун практикасындагы илимий, илимий-техникалык жана маданий жетишкендиктерди натыйжалуу пайдаланууга көмөктөшөт;

в) Кыргыз ССР Министрлер Совети белгилеген тартипте Кыргыз ССР илимдер Академиясынын негизги илим-изилдөө иштеринин пландарынын долбоорун иштеп чыгат жана бекитет;

г) республикадагы табигый жана коомдук илимдер тармагындагы илимий изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө көз салат;

д) СССР илимдер Академиясы менен макулдашып, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын илим-изилдөө мекемелеринин иштеринин багытын тактайт;

е) табигый жана коомдук илимдер тармагындагы эң маанилүү проблемалар боюнча илимий советтерди уюштурат;

ж) илимий кадрларды даярдайт, илимий кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш жүргүзөт;



з) жетектөөчү органдардын тапшыруусу боюнча илимий экспертизаларды жана консультацияларды өткөрөт;

и) илимий мекемелердин жана Кыргыз ССР илимдер Академиясынын мүчөлөрүнүн, ошондой эле Кыргыз ССР илимдер Академиясына кол жазмасын тапшырышкан башка окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын жарыялайт;

к) илимдин жетишкендиктерин пропагандалоого жана илимий негиздеги билимди жайылтууга көмөктөшөт.

5. Кыргыз ССР илимдер Академиясы жана анын мекемелери өз иштерин СССРдин жана Кыргыз ССРинин социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн планына, СССРдин илимдер Академиясы тактаган жана Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму бекиткен табигый жана коомдук илимдер тармагындагы негизги илимий багыттарга ылайык Академия иштеп чыккан план боюнча жүргүзүшөт.

6. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын составында мындай бөлүмдөр бар:

1) физикалык-техникалык жана математикалык илимдер бөлүмү;

2) химиялык-технологиялык жана биологиялык илимдер бөлүмү;

3) коомдук илимдер бөлүмү.

Бөлүмдөр Кыргыз ССР илимдер Академиясынын мүчөлөрүн, [illegible] тармактары жана [illegible] боюнча бириктирип турат.

7. Илимдер Академиясынын [illegible] илим-изилдөө институттары, бөлүмдөрү, лабораториялары, станциялары, китепканалары, Ботаникалык [illegible] эксперименталдык [illegible], [illegible] илим-изилдөө [illegible] жана башка илимий [illegible] жардамчы илимий мекемелери [illegible] бар.

Кыргыз ССР илимдер Академиясында проблемалар боюнча илимий советтер, илимий [illegible] тартипте уюштурулган [illegible] коомдук [illegible] коомдордун [illegible].

8. Кыргыз ССР илимдер Академиясы илимий сессияларды, съезддерди, конференцияларды жана илимий проблемаларды, ошондой эле республикадагы табигый жана коомдук илимдер боюнча илим-изилдөө иштерин координациялоо боюнча маселелерди талкуулай турган кеңешмелерди чакырат.

9. Кыргыз ССР илимдер Академиясы республиканын жана СССРдин илим-изилдөө мекемелери, министерстволору, ведомстволору, мамлекеттик комитеттери жана илимий мекемелери, илимий-техникалык коомдору менен илимий байланыш жасайт.

Кыргыз ССР илимдер Академиясы СССРдин илимдер Академиясынын илим-изилдөө институттары жана союздук республикалардын илимдер Академиялары менен тыгыз биримдикте иштейт, ошондой эле социалисттик өлкөлөрдүн илимий мекемелери менен байланыш түзөт жана ал байланышты улантат, эл аралык илимий конгресстер-

ге, конференцияларга жана кеңешмелерге катышат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясы зор маанилүү эмгектери, илимий ачылыштары жана ойлоп тапкан нерселери үчүн залкар окумуштуулардын ысымындагы сыйлыкты уюштурат жана ыйгарат.

10. Кыргыз ССР илимдер Академиясы юридикалык укукка ээ. Илимдер Академиясынын сметасы Кыргыз ССРинин Мамлекеттик бюджетине кошулат.

## II. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН СОСТАВЫ

11. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын составына ардактуу академиктер, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү (академиктери) жана мүчө-корреспонденттери киришет.

12. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлүгүнө (академиктигине) илимди илимий зор мааниси бар ачылыш менен байыткан окумуштуулар шайланат.



13. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденттигине илимди омоктуу илимий ачылыш менен байыткан окумуштуулар шайланат.

14. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнүн жана мүчө-корреспонденттеринин жалпы саны Кыргыз ССР илимдер Академиясы СССР илимдер Академиясы менен макулдашып сунуш кылгандан кийин Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан аныкталат.

## III. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН АНЫК МҮЧӨЛӨРҮН (АКАДЕМИКТЕРИН) ЖАНА МҮЧӨ-КОРРЕСПОНДЕНТТЕРИН ШАЙЛОО ТАРТИБИ

15. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүн (академик-

терин) жана мүчө-корреспонденттерин шайлоо кеминде эки жылда бир өткөрүлөт жана аны өткөрүү СССР ИА Президиуму менен макулдашылып, бош орунга же Кыргыз ССР Министрлер Совети жаңы орун бекитип калса ошого ылайык Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму тарабынан белгиленет. Адистиктер боюнча вакансияларды ачуу СССР ИА Президиуму менен макулдашылат.

Шайлоону өткөрүү убактысын Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму белгилейт.

16. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүн (академиктерин) жана мүчө-корреспонденттерин шайлоону өткөрүү жөнүндөгү Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумунун билдирүүсү шайлоону өткөрөрдөн үч ай мурда республикалык басмага жарыяланат.

17. Илимий мекемелер менен жогорку окуу жайларынын советтерине, мамлекеттик жана коомдук уюмдарга, илимдер Академиясынын академиктери менен мүчө-корреспонденттерине билдирүүдө көрсөтүлгөн адистиктер боюнча Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлүгүнө жана мүчө-корреспонденттигине кандидаттардын ысымын бир айдын ичинде жол-жобого ылайык тап Кыргыз ССР ИА жазуу түрүндө кабарлоо укугу берилет. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлүгүнө жана мүчө-корреспонденттигине көрсөтүлгөн жана катталган кандидаттардын ысымы шайлоодон бир ай мурда республикалык басмага жарыяланат.

18. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүн жана мүчө-корреспонденттерин Кыргыз ССР илимдер Академиясынын тийиштүү бөлүмүнүн Жалпы чогулушунда шайланган кандидаттарынан жашырын добуш берүү жолу менен Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунда шайлашат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлүгүнө жана мүчө-корреспонденттигине шайлоо үчүн көрсөтүлгөн кандидаттарды талкуулоодо СССР илимдер Академиясынын бөлүмдөр Бюросунун колдомосу эске алынат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлүгүнө жана мүчө-корреспонденттигине шайлоо үчүн көрсөтүлгөн кандидаттар Кыргыз ССР илимдер Академиясынын тийиштүү бөлүмүнүн Жалпы чогулушунда талкууланат жана жашырын добуш берүү аркылуу бөлүмдүн Жалпы чогулушуна катышкан бөлүмдүн анык мүчөлөрүнүн жана мүчө-корреспонденттеринин көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Анык мүчөлүккө кандидаттарды шайлоо максатында өткөрүлгөн бөлүмдүн Жалпы чогулушунда ошол бөлүмдөгү Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү чечүүчү добушка ээ.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденттигине кандидаттарды шайлоо учурунда ошол бөлүмдөгү Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү менен мүчө-корреспонденттери чечүүчү добушка ээ.



Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүн шайлоо максатында өткөрүлгөн Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү (академиктери) чечүүчү добушка ээ, ал эми Кыргыз ССР илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденттерин шайлоодо Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү жана мүчө-корреспонденттери чечүүчү добушка ээ.

Эгерде жыйында Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнүн тизмедеги составынын 2/3 катышса, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүн, ал эми Кыргыз ССР ИА анык мүчөлөрүнүн жана мүчө-корреспонденттеринин тизмедеги составынын 2/3 катышса, Кыргыз ССР ИА мүчө-корреспонденттерин шайлоону өткө-

рө берүүгө Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушу укуктуу.

Анык мүчөлөрдү шайлоо учурунда Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнүн тизмедеги составынын 2/3 кем эмес добушуна ээ болгондор шайланган болуп эсептелет.

Мүчө-корреспонденттерди шайлоо учурунда Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнүн жана мүчө-корреспонденттеринин тизмедеги составынын 2/3 кем эмес добушуна ээ болгондор шайланган болуп эсептелет.

Шайлоо маалында чет өлкөлөрдө командировкада жүрүшкөн, республиканын чегинен тышкары жашашкан жана Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушуна катышууга мүмкүнчүлүгү болбогон, ошондой эле ден соолугуна байланыштуу жыйынга жана добуш берүүгө катыша албаган Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү жана мүчө-корреспонденттери илимдер Академиясынын тизмедеги составына кошулбайт.



## IV. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН АНЫК МҮЧӨЛӨРҮНҮН ЖАНА МҮЧӨ-КОРРЕСПОНДЕНТТЕРИНИН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ

19. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнүн жана мүчө-корреспонденттеринин башкы милдети жеке өзү жүргүзгөн илимий изилдөөлөр аркылуу, орчундуу илимий проблемаларды биргелешип иштеп, ошол иштелип жаткан нерсеге илимий жетекчилик кылууну уюштуруу аркылуу илимди жаңы жетишкендиктер жана ачылыштар менен байытуу болуп саналат.

Анык мүчөлөр жана мүчө-корреспонденттер Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумунун жана тийиштүү бөлүмдөрдүн чечими боюнча жеке өзү изилдей турган илимий иштерине зарыл шарттарды Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму тарабынан түздүрүп алууга укуктуу.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү жана мүчө-корреспонденттери илимдин жетишкендиктерин эл чарбасында колдонууга жана аларды маданий курулушта пайдаланууга иштиктүү жардам беришет, илимий кадрларды даярдоо, алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш жүргүзүшөт, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумунун жана тийиштүү бөлүмдүн тапшырмаларын аткарышат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү жана мүчө-корреспонденттери Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунун ишине жана ылайык келген бөлүмдүн ишине катышат.

20. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын ар бир анык мүчөсү жана мүчө-корреспонденти өзүнүн илимий адистигине ылайык илимдер Академиясынын бир бөлүмүнө мүчө болуп саналат.

21. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын чыныгы мүчөлөрү жана мүчө-корреспонденттери илимдер Академиясынын тийиштүү бөлүмдөрүнө өз иши жагдайында жыл сайын эсеп берип турушат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнүн жана мүчө-корреспонденттеринин кылган ишинин эсеби илимдер Академиясынын отурушунда жана бөлүмдөр Бюросунун отурушунда угулат.

22. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын мүчөлөрү илимдер Академиясы менен бөлүмдөр Бюросунун кароосуна илимий жана илимий-уюштуруучулук маселелерди коюуга, ошондой эле Академиянын Президиуму менен бөлүмдүн Бюросу аркылуу ушул сыяктуу маселелерди Академиянын Жалпы чогулушу менен бөлүмдүн Жалпы чогулушунун талкуусуна коюуга укуктуу.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү жана мүчө-корреспонденттери Кыргыз ССР ИА институт-

тарындагы илимий бөлүмдөрдүн, лабораториялардын, секторлордун башчыларынын жана старший илимий кызматкерлердин бош орундарын конкурссуз ээлөөгө укуктуу.

23. Эгерде Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү жана мүчө-корреспонденттеринин иши ССР Союзуна каршы багытталган болсо, анда Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунун токтому менен алар өз наамдарынан ажыратылышы мүмкүн.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөсүн жана мүчө-корреспондентин өз наамынан ажыратаарда шайлоо учурунда каралган добуш берүү тартиби колдонулат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын академиктери жана мүчө-корреспонденттери СССРдин гражданы деген укугун жоготсо, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын мүчөлүк составынан чыгарылат.



## V. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ЖАЛПЫ ЧОГУЛУШУ

24. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын жогорку органы Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнөн жана мүчө-корреспонденттеринен түзүлгөн Жалпы чогулуш болуп эсептелет. Эгерде Кыргыз ССР илимдер Академиясынын чыныгы мүчөлөрүнүн тизмедеги составынын 2/3 катышса, Жалпы чогулуш маселе чечүүгө укуктуу деп эсептелет.

25. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушу республикадагы табигый жана коомдук илимдер тармагындагы илимий изилдөөлөрдүн багытын аныктайт жана талкуулайт, Академиянын ишин уюштуруу маселелерин чечет, жыл сайын Президиумдун, бөлүмдөрдүн жана башка Академиянын мекемелеринин, ошондой эле анын мүчөлөрүнүн отчеттук докладдарын угат жана бекитет; илимий жана илимий-

уюштуруучулук мүнөзүндөгү проблемаларды талкуулайт; Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүн жана мүчө-корреспонденттерин, илимдер Академиясынын Президиумун шайлайт; Академиянын илим-изилдөө мекемелеринин директорлорун шайлайт.

26. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунун сессиясы зарыл болгон убакта чакырыла берет, бирок жылына экиден кем болбоого тийиш. Илимдер Академиясынын жылдык чогулушу жылдын биринчи кварталында чакырылат.

Жалпы чогулуштун талкуусуна кандайдыр бир маселени коюуну каалаган илимдер Академиясынын ар бир мүчөсү илимдер Академиясынын Президиумуна жазуу түрүндө мурдараак кабарлоого тийиш.

27. Академиянын Жалпы чогулушунда Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнүн чечүүчү добуш берүүгө укугу бар. Академиянын мүчө-



корреспонденттеринин, илимий мекемелердин жетекчилеринин кеңеш берүүчү добушка укугу бар.

28. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын жалпы чогулушундагы маселелер ушул Уставда көрсөтүлгөндөй, чечимди кабыл алуу үчүн добуштардын 2/3 талап кылынган учурдан башка убактарда чечүүчү добушка укуктуулардын добушу арбын болсо чечиле берет.

## VI. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ПРЕЗИДИУМУ

29. Илимдер Академиясынын Президиуму составында президент, вице-президенттер, илимдер Академиясынын Президиумунун башкы окумуштуу-секретары жана Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушу чектеген сандагы Президиумдун башка мүчөлөрүнөн түзүлөт.

Илимдер Академиясынын президенти беш жылдык мөөнөт менен Академия-

нын Жалпы чогулушунда анык мүчөлөрдөн шайланат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын вице-президенттери жана Президиумдун башка мүчөлөрү Академиянын Жалпы чогулушунда беш жылдык мөөнөт менен анык мүчөлөрдөн жана мүчө-корреспонденттерден шайланат.

Илимдер Академиясынын Президиумунун башкы окумуштуу секретары Академиянын Жалпы чогулушунда беш жылдык мөөнөт менен анык мүчөлөрүнөн же мүчө-корреспонденттеринен шайланат.

Президентти, вице-президенттерди жана Президиумдун башка мүчөлөрүн жашырын добуш берүү жолу менен арбын добушка жетишсе анан шайлашат. Президиумдун түгөл составын шайлоо беш жылда бир ирет жана бир эле мезгилде болот.

Президиумду шайлоо учурунда анын составын такай жаңыртып туруу жана кезектешип жетекчилик кылуу принциби сакталат.



Президиумдун мүчөлөрүнүн милдеттерин Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму бекитет.

30. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунун чечимдерин ишке ашырат жана Жалпы чогулуштун сессияларынын ортосундагы аралыкта Академиянын бүткүл ишине жетекчилик кылат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму илимдер Академиясынын Жалпы чогулушуна өз иши жагдайында түгөл эсеп берип турууга милдеттүү. Президиум Жалпы чогулуштун сессияларынын ортосундагы аралыкта өзү кабыл алган эң маанилүү чечимдери тууралу Жалпы чогулушка айтып турат.

Академиянын Жалпы чогулушу илимдер Академиясынын Президиумунун айрым мүчөлөрүн Кыргыз ССР илимдер Академиясынын чыныгы мүчөлөрүнүн жалпы санынын 2/3 бөлүгүнүн көпчүлүк добушу менен мөөнөтүнөн мурда бошо-

то алат жана бошотулгандардын ордуна Академиянын Президиумунун кезектеги шайлоолоруна чейинки мезгилге жаңы мүчөлөрдү шайлайт.

Президиумдун айрым мүчөлөрүн мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндөгү чечим Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушу тарабынан жашырын добуш берүү аркылуу кабыл алынат; Президиумдун жаңы мүчөлөрүн шайлоо Академиянын ушул Уставына ылайык жүргүзүлөт.

31. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму:

а) Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунун сессияларын чакырат;

б) закон тарабынан белгиленген тартипте илимдер Академиясы өз милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон илимизилдөө жана илимий-жардамчы мекемелер менен ишканаларды негиздейт жана ушул мекемелер менен ишканалар жөнүндөгү жоболорду бекитет; табигый



жана коомдук илимдердин эң маанилүү комплекстүү проблемалары боюнча илимий секцияларды, регионалдуу проблемалары боюнча илимий советтерди, ошондой эле комитеттерди, комиссияларды уюштурат;

в) илимий съезддерди, конференцияларды жана кеңешмелерди чакырат, изилдөө экспедицияларын уюштурат;

г) Бөлүмдөрдүн жана илимий мекемелердин илим-изилдөө иштеринин планын, илимдер Академиясынын басмадан чыкчу иштеринин планын бекитет жана ошол пландардын аткарылышын көзөмөлдөйт;

д) Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумунун жана Академиянын иши тууралуу жылдык эсебин Академиянын Жалпы чогулушуна талкуулоо жана бекитүү үчүн сунуш кылат;

СССР илимдер Академиясы менен макулдашып, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын илим-изилдөө мекемелери-

нин иштеринин багытын жана адистешүүсүн тактайт;

союздук республикалардагы академиялар менен жана СССРдеги башка илимий мекемелер менен илимий байланыштарды жүргүзөт;

белгиленген тартипте Кыргыз ССР илимдер Академиясынын эл аралык байланышын жүргүзөт;

е) илимий кадрларды даярдоого жана Академиянын илимий кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга жетекчилик кылат;

ж) илим-изилдөө иштеринин натыйжаларын эл чарбасында жана маданий курулушта колдонууну камсыз кылуу боюнча чара көрөт;

з) Кыргыз ССРинин эл чарбасынын жана маданиятынын өсүшүнө зор таасир тийгизген илимий эмгектерге сыйлыктарды ыйгарат.

32. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму институттун директорлорунун илимий иштер боюнча орун



басарларын жана илимдер Академиясынын системасындагы башка мекемелердин жетекчилерин, окумуштуу-секретарларды, секторлор менен лабораториялардын башчыларын, старший илимий кызматкерлерди жана журналдардын редакциялык коллегиясынын составын бекитет.

33. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму илимдер Академиясынын кредиттеринин башкы жайгаруучусу болуп саналат. Ал Академиянын жылдык сметасын бекитет, өкмөт тарабынан илим-изилдөө иштеринин планына ылайык бөлүнгөн ассигнацияны Академиянын мекемелерине бөлүштүрөт жана каражаттардын туура чыгымдалышына көз салат.

34. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму Академиянын бардык мекемелери менен кызматчыларынын Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Уставын сактоосуна көзөмөлдүк кылат.

35. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумуна караштуулар:

а) илим-изилдөө иштерин координациялоо боюнча Совет;

б) илим-изилдөө институттары жана башка илимий мекемелер;

в) редакциялык-басмалык Совет;

г) «Илим» басмасы;

д) Борбордук илим китепканасы;

е) Китепканалык совети;

ж) архив;

з) проблемалуу илимий советтер, комитеттер, комиссиялар, илимий коомдор;

и) Терминологиялык комиссия;

к) чарбалык эсептин башталмасында иштеп жатышкан ишканалар менен уюмдар.

36. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумунун кызмат кылуучу адамдары бар, алар өздөрүнө тийиштүү жобонун негизинде иштейт, алардын тизмесин Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму бекитет.



## VII. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН БӨЛҮМДӨРҮ

37. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын бөлүмү илимдер Академиясына илимдин бир же бир нече тармагындагы окумуштууларды бириктирип турган илимий жана илимий-уюштуруучу борбору болуп саналат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын бөлүмү республикадагы илимдин тийиштүү тармагынын өнүгүшү үчүн, ошондой эле бөлүмдүн составына кирген илимий мекемелердин ишинин абалы үчүн Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунун жана Президиумунун алдында жооптуу жана эсеп берет.

38. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын бөлүмүнүн Жогорку органы ушул бөлүмдөгү илимдер Академиясынын академиктеринен жана мүчө-корреспонденттеринен турган бөлүмдүн Жалпы чогулушу болуп саналат.

Бөлүмдүн Жалпы чогулушу:

а) республикадагы илимдин тийиштүү тармагынын өнүгүшүндөгү жана пландалышындагы негизги багыттарды жана принципиалдуу маселелерди, илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын эл чарбасында колдонууну жана аларды маданий курулушта пайдаланууну талкуулайт;

б) илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын талкуулайт жана илимдин тийиштүү тармагындагы илим-изилдөө иштеринин жыйынтык пландарын карайт;

в) Кыргыз ССР илимдер Академиясынын илим-изилдөө мекемелеринин ишиндеги багыттарды жана адистештирүүнү өз тармагындагы илимде талкуулайт, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумуна тийиштүү сунуштарды киийрет;

г) Кыргыз ССР илимдер Академиясындагы жаңы мекемелерди уюштуруу маселелерин, ошондой эле иштеп жаткан илимий мекемелердин структурасындагы жана иш багытындагы өзгөрүштөр жөнүндөгү маселелерди карайт жана Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумуна тийиштүү сунуштарды киийрет;

д) туруктуу жана убактылуу комиссияларды, ошондой эле бөлүмдүн илимий советтерин уюштурат, анын составын бекитет;

е) Кыргыз ССР илимдер Академиясынын илимий мекемелеринин илимий иши, кадрларды даярдоосу жөнүндө, ошондой эле аяктап калган илим-изилдөө иштеринин натыйжаларын эл чарбасында жана маданий курулушта колдонуу боюнча иштери жөнүндөгү отчётун угат;

ж) бөлүмдүн иши тууралу отчётту угат жана бекитет;

з) бөлүмдүн Бюросун шайлайт;

и) илимий сессияларды, конференцияларды жана илимдин тийиштүү тармагы боюнча республикадагы илимий проблемаларды жана илим-изилдөө иш-

теринин маселелерин координациялоону талкуулоо максатында кеңешмелерди чакырат;

к) Кыргыз ССР илимдер Академиясынын академиктигине жана мүчө-корреспонденттигине шайлоо үчүн көрсөтүлгөн кандидатураларга жолдомо берет. Көрсөтүлгөн кандидатура жашырын добуш берүү маалында бөлүмдүн катышып олтурган мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушуна ээ болсо, кабыл алынды деп эсептелет.

39. Бөлүмдүн чогулуштарынын аралыгындагы мезгилде бөлүмдүн ишине бөлүмдүн председатели — Кыргыз ССР илимдер Академиясынын вице-президенти башкарган бөлүмдүн Бюросу жетекчилик кылат.

Председателдин орунбасары жана бөлүмдүн Бюро мүчөлөрү бөлүмдүн Жалпы чогулушунда бөлүмдүн мүчөлөрүнүн арасынан беш жылдык мөөнөткө шайланат жана Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму тарабынан бекитилет.



Бөлүмдүн окумуштуу секретары бөлүмдүн Бюросу көрсөткөн илимдин кандидаттарынан же докторлорунан Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму тарабынан беш жылдык мөөнөткө дайындалат.

Бөлүмдүн Бюро мүчөлөрүн шайлоо жашырын добуш берүү жолу менен добуштун көптүгүнө карата беш жылда бир жолу жана бир эле мезгилде өткөрүлөт. Бөлүмдүн жетекчилерин шайлоо мезгилинде жетекчиликти такай жаңыртып туруу жана кезектешип жетекчилик кылуу принциби сакталат.

40. Бөлүмдүн Бюросу:

а) бөлүмдүн Жалпы чогулушун чакырат;

б) бөлүмгө тиешелүү бардык маселелерге оперативдүү жетекчилик кылат; бөлүмгө тиешелүү илимий жана илимий-уюштуруу маселелерин бөлүмдүн чогулушунда кароого камылга көрүүнү

уюштурат, бөлүмдүн чогулушунун чечимдеринин аткарылышын камсыз кылат;

в) сыйлыктарды ыйгаруучу комиссиянын ишине жалпы жонунан жетекчилик кылат, алардын ишинин натыйжаларын талкуулоону уюштурат жана сыйлыкты ыйгаруу жөнүндө Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумуна пикирин билдирет;

г) бөлүмдүн ичинен Кыргыз ССР илимдер Академиясынын академиктигине жана мүчө-корреспонденттигине кандидаттарды сунуш кылат;

д) старший илимий кызматкерди кызматка бекитет.

41. бөлүмдүн Бюросунун ишине жетекчилик кылган илимдер Академиясынын вице-президенти бөлүмгө тиешелүү маселелер боюнча Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумунун жыйынында маалымат берүүчү болуп саналат, бөлүмдүн чогулушунда төрагалык кылат, эмне кылып жаткандыгы тууралу Жалпы чогулушка жана Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиумуна эсеп берет.



42. Бөлүмдүн Жалпы чогулушунда ушул бөлүмдөгү Кыргыз ССР илимдер Академиясынын академиктери жана мүчө-корреспонденттери чечүүчү добушка ээ.

Эгерде институттун директору Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөсү же мүчө-корреспонденти болбосо, анда ал тийиштүү бөлүмдүн Жалпы чогулушунда кеңеш берүүчү добуш менен катышат.

43. Бөлүмдүн Жалпы чогулушундагы маселелер, эгерде чечимди кабыл алуу үчүн ушул Уставда көрсөтүлгөндөй кемииде добуштардын 2/3 талап кылынбаган учурдан башка мезгилде добуш берүүгө укугу барлардын көпчүлүк добушу менен чечиле берет.

44. Илимдер Академиясынын бөлүмү тууралу Жобо Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунда бекитилет.

## VIII. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ИЛИМ-ИЗИЛДӨӨ МЕКЕМЕЛЕРИ

45. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын илим-изилдөө ишиндеги негизги мекемелери анын илим-изилдөө институттары, өзүнчө бөлүмдөрү жана лабораториялары болуп саналат.

46. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын илим-изилдөө мекемесинин башында өзүнчө бөлүмдү же лабораторияны башкарган директор турат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын директору белсемдүү окумуштуулардан СССР илимдер Академиясы менен макулдашылып, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушун-



да жашырын добушка салынып, көпчүлүк добуш менен беш жылдык мөөнөткө шайланат.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Президиуму Кыргыз ССР илимдер Академиясынын институтунун директорун мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошотуп коюуга укуктуу.

47. Институттарда СССР Министрлер Советинин Жогорку аттестациялык комиссиясынын уруксаты менен илимий даража алуу үчүн диссертация жактоо боюнча адистештирилген советтер түзүлүшү мүмкүн.

48. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын илим-изилдөө институттары Академиянын Жалпы чогулушу бекиткен Илимдер Академиясынын институттар жөнүндөгү Уставынын негизинде иштейт.

## IX. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ УКУКТАРЫ

49. Кыргыз ССР илимдер Академиясы өзүнүн Архивинде окумуштуулардын,

адабияттын, маданияттын жана искусство ишмерлеринин кол жазмаларын, ошондой эле илимдер Академиясынын мекемелеринин архивдик материалдарын жана илим менен анын тарыхы үчүн баалуу башка материалдарды сактоого укуктуу.

50. Кыргыз ССР илимдер Академиясы илимий мекемелер, СССРдин жана союздук республикалардын жогорку окуу жайлары, китепканалары менен, ошондой эле башка өлкөлөрдүн мекемелеринин китепканалары менен басылып чыккан китептерди айрыбаштоого укуктуу.

51. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунун, илимдер Академиясынын Президиумунун, илимдер Академиясынын илим-изилдөө институттары жана ошолорго теңдеш башка илимий мекемелеринин Кыргыз ССРинин мамлекеттик герби тартылган жана кыргыз, орус тилдеринде тийиштүү мекеменин аты жазылган мөөрү бар.



## X. КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН УСТАВЫН ӨЗГӨРТҮҮ ТАРТИБИ

52. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Уставы Кыргыз ССР илимдер Академиясынын анык мүчөлөрүнүн жалпы добушунун 2/3 синен көбүрөөгү менен илимдер Академиясынын Жалпы чогулушунда кабыл алынган чечим боюнча өзгөртүлөт.

# УСТАВ
## АКАДЕМИИ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР

Одобрен Постановлением ЦК Компартии Киргизии и Совета Министров Киргизской ССР от 29 мая 1969 г., № *303*.

Изменения и дополнения приняты на Общем собрании АН Киргизской ССР 8 апреля 1980 г.

## I. ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

1. Академия наук Киргизской Советской Социалистической Республики является высшим научным учреждением Киргизской ССР, объединяющим в качестве своих членов наиболее выдающихся ученых республики — граждан СССР.

Академия наук Киргизской ССР подчинена непосредственно Совету Министров Киргизской ССР. Научное руководство деятельностью Академии наук Киргизской ССР осуществляется Президиумом Академии наук СССР.

2. Академия наук Киргизской ССР имеет своей целью:

развитие исследований по ведущим направлениям естественных, технических и общественных наук;

осуществление перспективных исследований по важнейшим проблемам научно-технического и социального прогресса;

решение научных задач, способствующих наиболее успешному развитию производительных сил Киргизской ССР;

выявление новых возможностей научно-технического и социального прогресса и подготовка рекомендаций для их использования в народном хозяйстве.

Академия наук Киргизской ССР своими научными исследованиями и всей своей деятельностью активно участвует в построении коммунистического общества в СССР и помогает делу укрепления мира во всем мире.

3. Академия наук Киргизской ССР осуществляет общее научное руководство исследованиями по важнейшим проблемам естественных и общественных наук, выполняемыми научными учреждениями Академии и высшими учебными заведениями Киргизской Советской Социалистической Республики; определяет в соответствии с основными направлениями научных исследований, устанавливаемыми Академией наук СССР, тематику научно-исследовательских работ в области естественных и общественных наук и осуществляет их координацию в Киргизской ССР.



4. Для выполнения своих задач Академия наук Киргизской ССР:

а) осуществляет в своих учреждениях разработку ведущих научных проблем в соответствии с основными направлениями научных исследований в области естественных, технических и общественных наук и государственными планами экономического и социального развития СССР и Киргизской ССР;

